УДК 392.51(575.2)

# ТРАДИЦИОННЫЕ ОДЕЖДЫ НА СВАДЬБЕ (НА ПРИМЕРЕ МУРГАБСКИХ КЫРГЫЗОВ В КОНЦЕ XIX – НАЧАЛЕ XX В.)

*М.М. Ташалиева*

Рассматриваются особенности свадебных нарядов этнических кыргызов, столетиями проживающих в долине Сарыкол (Восточный Памир). Закономерным является сохранение ими до наших дней своей традиционной одежды и влияние соседствующего с ними таджикского народа. Своеобразие одежды в формировании кыргызского народа находится в тесной связи с его этнической историей. Условия проживания, ведение хозяйства имели большое влияние на их материальную культуру. Условия ведения хозяйства, бытовые удобства, природные обстоятельства, деление кыргызского народа на племена, проживание в соседстве с другим народом стали главным фактором в особенностях материальной культуры

*Ключевые слова:* халат; тебетей (мужская шапка); топу (головной убор); жураб (носки); шапак (головной убор); чапан (мужская верхняя одежда); чарык (вид обуви); ычкыр (брюки); кур (пояс); чачкеп (повязка для волос); каляк (женский головной убор); чүмбөт (покрывало для лица).

# ҮЙЛӨНҮҮ ТОЙДОГУ САЛТТУУ КИЙИМДЕР. (МУРГАБ МИСАЛЫНДА XIX К. АЯГЫ-XX К. БАШЫ)

*М.М. Ташалиева*

Илимий макалада Сарыкол ( Чыгыш Памир) деп аталган өрөөндө жүздөгөн жылдар бою жашап келген этностук кыргыздардын үй бүлөлүк үйлөнүү тойдогу кийилүүчү кийимдеринин өзгөчөлүгү каралган. Ушул күнгө чейин салттык кийимдерин сактап келишкендиги жана аларга коңшу жашаган тажик элинин таасир этүүсү мыйзам ченемдүү көрүнүш. Кыргыз элинин кийимдеринин өзгөчөлүгү элдин калыптанышы этникалык тарыхы менен тыгыз байланышкан. Жашоо шарты, чарба жүргүзүүсү алардын материалдык маданиятына чоң таасирин тийгизген. Чарбачылык шарттары жашоо тиричиликтин ыңгайы, табигый жагдайлар, кыргыз элинин урууга бөлүнүшү, кошуна жашоо материалдык маданиятынын өзгөчөлүгүндөгү башкы фактор болуп калган.

*Түйүндүү сөздөр:* чепкен; тебетей; топу; жураб (байпак); шапак (баш кийим); чапан, чарык (бут кийим); ычкыр (шым); кур; чачкеп; каляк; чүмбөт.

# TRADITIONAL WEDDIND CLOTHTES. (ON THE EXAMPLE OF THE MURGAB KYRGYZ IH THE LATE XIX EARLY XX CENTURIES)

*M.M. Tashalieva*

In the given article considered picularities of wedding dresses of ethnic Kyrgyz, dwelling hundreds in Sarykol valley (Eastern Pamir). Conforming to the laws of nature is keeping by them till our days their traditional dresses and influence of neighboring with them Tadzhik people. Uniqiness of dress, formation of Kyrgyz people in close relation to their ethnical history. Living conditions, holding housing has great influence to their material culture. Conditions of holding houshold, communal comforts, natural curcumstances, devision of Kyrgyz people into tribes, dwelling in neoghbouring with other people become the main factor in peculiarities material culture.

*Keywords:* robe; tebeteyka (male cap); topu (cap); jurab (socks); shapak (cap); chapan (male upper dress); charyk (type of dress); ychkyr (truosers); kur (belt); chachkep (stripe for hairs); kalyk (female cap); chumbot (blanket for face).

XIX-кылымдын аягында Чыгыш Памирлик кыргыздардын кийим кечелери көчмөн турмуштун жана жашоо тиричиликтин өзгөчөлүгүнө ылайык кийген кийимдер баш кийимдер жана бут кийимдер негизинен үйдө колдон жасалган башкача айтканда жандык малдын ар кайсы терилери, жүндөрү, кийиздер жана башка колдонулган. Памир эли эркек баланын тарбиясына аябай жакшы көңүл буруп, чарбачылык иштерди так аткаруусуна, кийимдеринин өзгөчөлүгүнө маани беришкен. Сарыколдуктар той

маарекелердин ар бир бөлүгүнө кылдаттык менен даярданышкан. Айрыкча күйөө бала колуктунун кийимдерине аябай көңүл бурушкан. Үйлөнө турган жигиттин кийимдерин өздөрүнүн кол өнөрчүлүгү менен чебер, уз аялдар тигишкен. Күйөө бала ак жегде, ыштаны(ич кийими) менен кийип жүргөн. Уз, чебер аялдар кездеме мата болбогондуктан, койдун, төөнүн жүнүн ийрип кийимдерди жана кийим үчүн материал катары жөнөкөй ыкмада чыгарылган жүн материалдар, койдун иштетилген териси жапайы жана колдо багылган эчки, топоздун териси кызмат кылган. Бут кийимди буканын жана топоздун терисинен чарык тигишип аны да күйөө балага жана кызга белек катары беришкен. Өзбек жана тажик соодагерлери өздөрүнүн ар түрдөгү жана сапаттагы колдон жасалган кездемелерин, ошондой эле даяр халат, тебетей, бут кийим жана жасалгаларды алып келип сатышкан жана аларды кыз күйөөгө сеп катары беришкен. Ал эми коңшу Ооган Памирде жашаган кыргыздар деңгээлине жараша кийинишкен. Жарды үй-бүлө кыздары пахтадан, орто чарба үй-үй бүлөөнүн кыздары жибектен, ал эми бай үйбүлөөнүн кыздары нейлон кездемелеринен тигилген кийимдерди кийишкен.

Көмөкчү чарбасы барларда гана баркыт, жибек, сукно кездемелери сатып алганга мүмкүнчүлүгү болгон. Айрым эркектердин жалгыз гана кийими болгон. Көптөгөн жаш жигиттер үйлөнүп жатканда, оокаттуулардын жарашыктуу жана жаңыраак кийимдерин сурап кийинишкен. Тойлорго, конокко бараткан да ушундай кылган.

Чыгыш Памир кыргыздары үйлөнүү тойго күйөө баланын кийимдерин баш аяк сарпай даярдашкан.Тигилген кийимдердин баарына өзгөчөлөнгөн кооздуктарды киргизишкен.Сарыколдо (Чыгыш Памир) кийимдердин тигилишинде тажиктердин таасири байкалаарлык. Себеби коңшу жашаган тажиктердин кийимдери кооздолуп тигилип, кештеленип сөзсүз түрдө папиктелген (кийимдин жибек менен кооздолгону). Күйөө балага адатта, тигилген көйнөктүн жакасы өрүлгөн жүн жиптерден кооздоп өрүлгөн сызма менен жээктелип коюлат, ал эми белине ошондой эле «кур» курчалган, алардын учуна папик «нулк» чыгарылган. Андан кийин мурда даярдалган кооз чапан, башына улуттук топу, жука ак кездемеден учтары саймаланып кооздолгон селде «чалма» оролуп, бутуна кооздолуп токулган пайпак «жураб» кийгизилген. Куйөө бала менен колуктунун тойдо же нике алдында жаңы кийимдерди кийиниши алардын кийинки жаш курагына өтүшкөндүктөрүн билдирилген.

Чыгыш Памирде эркектерге тиешелүү күнүмдүк жана тойлорго кийиле турган кийимдердин түрлөрү көп болгон. Алар: Шапак ак кара жука жасалган кийизден 4 бөлөк 3бурчтук кылып бычып кураштырып тигип койгон баш кийим. Күнүмдүк жашоодо кийилген. Тебетей козунун терисин ийлеп жүн тарабын ичине келтирип тигип чекесине жүндү чыгарып кайрып коюшкан. Сыртынан кездеме менен каптаган. Төбөсү азыркыдай эмес муштугуйраак болгон.Мындай тебетейлерди көбүнчө колунда жок букаралар кийген. Чапан түрдүү калың кездемеден тигилген. Жөн жана шырымай чапан деп бөлүнгөн. Күнүмдүк жашоодо жана той маарекелерде кийишкен. Ичик тон же болбосо чолок тон койдун терисинен ийлеп тигилген, түгү ичине каратылып,узун кыска болуп тигилген. Күнүмдүк жашоода жана тойлордо кийишкен. Сарыколдуктардын кышы суук болгондуктан ар бир үйдө сөзсүз ичик тон жана чолок тон болгон. Таар чапан таардан тигилип, жээктелип коюлган чапан. Таардан эркектерге шым да тигишкен. Чарык өгүз же текенин терисинен тизилген башы кайкалак бут кийим. Күнүмдүк жашоодо кийишкен. Пайтаба бул бут ороо, эчкинин тыбытынан ийрип жасаган. Кышында кийизден тизеге жете турган байпак жасап,кончунун чекелерине кеште тигип, сайма сайышкан. Кышкысын суук болгондуктан сөзсүз пайтаба кийишкен. Ычкыр ак, кара койдун жүнүнөн жасалган. Карасы сырткы шымга байланып, учтарына папик тигишкен. Ички ычкыр ак болуп папиги өзүнөн чыгарылат. Аялдардын ычкыры ак түстөн тандайча,олоңчо басма кылып өрүлгөн. Тойлордо күйөө колуктунун ыштандарына ычкыр байланган. Жашоо шартына жүргүзгөн чарбасына жараша өзгөчөлөнгөн кийимдерди даярдашкан.

Эркектердин белден түшкөн көйнөгүнүн эки түрү бар:»жегде» жана «көйнөк». Жегде көбүнчө жайында кийилет. Жегденин жакасы саймалап, чырааздап (көркөмдөп), кооздоп тиккен. Ыштанына кооздоп ак түстөгү ычкыр (жип) өткөрүшкөн. Ыштан көйнөк менен бычылып, көйнөктү астын ачык кылып жана узундугун тизеге жеткирип бычышкан. Колуктунун ата-энеси же алардын туугандары күйөө балага арнап ак кийизден **«**ак калпак**»**, «ак топу» тигишкен. Төбөсү азыркыдай калпактардай эмес бийигиреек болгон, кыйууларына кара кездеме менен каптап шырып койгон, эки ача болгон. Жаштардын калпагынын кыйуулары кызыл баркыттан болгон. Күйөө балдардын калпагына папик (түстүү жиптердин топтому) тигилген. Сарыкол кыргыздары да ак калпакты кастарлап, жатаар маалында төрт бүктөп жогору жерге коюшкан. Калпактын канчалык бийикте турушу, бийигирээк болуп тигилиши, жигиттердин даражасы да ошончолук бийик болгон деп баалашкан.

Күйөө баланын башына милдеттүү түрдө «салла» («селде») (бөз же даки сыяктуу пахтадан колдо токулган кездеме же болбосо ак сурп үч метр узундуктагы орому) кийгизишкен. Бул каада-салт

күйөө бала эми чыныгы эркек болгондугун жана анын мойнуна өз үй-бүлөсүнүн толук жоопкерчилиги жүктөлгөнүн билдирген. Селденин мааниси анын күнүмдүк кийгенге ыңгайлуу болгондугунда: жаштар кокусунан аялы төрөй турган маалдарда алысыраак жолдо болуп калышса, жаңы төрөлгөн наристе ушул кездемеге оролгон.

Күйөө балага пайтаба тартуулашкан. Бул бут оороону, эчкинин тыбытынан ийрип жасаган. Колукту кийизден тизеге жете турган байпак жасап, кончунун чекелерине кеште тигип, сайма сайган. Күйөөнүн белине кызыл материалдан кештелеп кур курчалган. Чекелери саймаланган 9 кол жоолукту колуна карматышкан. Күйөөгө атайын даярдалган пайпакты кийгизишкен. Байпакты материалдан ич коюп пахта салып шырып, жээк коюп кештелеп жасап, анын сыртынан масти калиш кийгизишкен.

Күйөө балага «чапан», «кара чапан», « таар чапан» кийгизишкен.Чапан түрдүү калың кездемеден жана чий баркуттан тигилген. Жөн жана шырымай чапан деп бөлүнгөн. Таар чапан бул таардан тигилип жээктелип коюлган чапан. Таардан эркектерге шым да тигилген. Төөнүн жүнүнөн согулган пиязыдан эркектерге чепкен тигишкен.

Ал эми Сарыкол кыргыздары кыздарды жаштайынан үй, чарба иштерине абдан сарамжалдуу кылып жакшы тарбиялашкан. Кызы чоңойгончо сеп катары жасалган кийимдерди чеберлер, уздар колдорунан келишинче суусар, кундуздардын терисинен көрпө коюшуп жасап кийгизишкен. Суусар кундуздарды атайлап аңчылар кармап келишип улуттук кийимдерди кооздошуп, аземдешип бойго жеткен балдарына, кыздарына кийгизишкен. Сарыкол өрөөнүндөгү келиндин кийими төмөнкүлөрдөн турат. Чачкеп той күнү кыздын башына кийгизишкен. Чыгыш Памирде колуктунун баш кийимдери «кеп такыя» же «чач кеп» деп аталып, алар үйдө кол менен өндүрүлгөн, пахта кездемесинен даярдалган. Мурун «терс кайык», «каргыма», «илме», «басма»,деген көчөттөрдү кештелеп тигип четине чын майда седептерди бастырышкан. Артына келген аягына жибек жиптен тор чачы тигишкен. Эки кулагынын келген жерине шамал бакты көктөп, ага сагакты байлайт. Сагактын катарына биринчи тумарча тээк, экинчи шуру 6-8 катар, тээк шуру 4-6, тээк 6-8 эки губка коюп папиктеп койот. Папиктери кызыл жибек жиптен болгон. Кештесине жибектерди уздар Кашкардан алышып, ийрип эмнеге колдонсо, ошого жараша ийришкен. Чач кептин үстүнөн каляк оролгон, каляк сурптан болгон, андан чатыша менен чатыган. Кэлэкти чатып кыргакты таккан, кыргактан жерлиги матадан болгон кештелеп тигилген аягына шурудан тор тизген. Чумбөт ак материалдын жибин көз кылып сууруп, атайын тор кылып четтерин кештелеп тигип боо жасап байлайт. Эң үстүнө дурия жоолук салган. Дурия жоолукту сурпка басма тигишип четине тор чачыны ар түрдүү кылып шуру салып, кызыл жибек жиптен жасашкан. Папигин да, ар түрдүү кылышкан. Дурия жоолуктун бир бурчуна эле сайма сайышкан, тигишкен. Ал эми жоолук уч деп дурия жоолуктун учуна уч жасашкан. Кумуштөн гупка коюп, анан найча, андан папиктеген. Кызды көчүрүп баратканда бетин тосуучу материалдын бир бөлүкчөсү. (Губка, найча – күмүштөн, жамбыдан ар кандай көлөмдө жасалган тагынчак, кооздуктар.)

Чапанды бахмал, тай баркут, атлас, паашайы, бейкасам, кымкап, нооту жана башка кездемеден шырып тигишкен. Келиндин көйнөгү атлас, чыт, шакар септи, сылан сыяктуу материалдардан тигип кийгизишкен. Жоолук ак сурп, же чыттан салышкан. Бутуна маасы, көлөч же Кашкардан келген көк сорү деген өтүктөн кийгизишкен. Каада салт боюнча секелек мезгилде кыздын чачын кырк чач өргөн себеби «кызга кырк үйдөн тыюуу» же болбосо «кымызга бышуу, кызга кырк үйдөн тыюуу» деп деген сөздөр эл оозунда калган. Балакат жаштан өтүп калганда «беш көкүл» болуп өрүлөт. «Беш көкүл» деген кыз алыптыр деген маанини билдирген. Ал эми бойго жетип, турмушка узап бараткан кыздын чачы эки чач өрүлгөн. Эки чач келиндиктин белгиси деп билишкен. Кызды көчүрүп жөнөгөндө чачын башы бүтүн аялдарга өрдүрүп, бата алып, чачына шакек өткөзүп чачбак таккан. Күмүштөн жасалган шакектерди чачтын ар бир өрүмү менен кошо өрүлгөн. Күмүш шакектерди күйөө баланын үйүндөгү кайын сиңдилери алышкан. Чачбакты жибектен өрүп аялдар жасашкан, усталар күмүштөн найча, губка жасап өткөрүшкөн. Усталар ушунчалык найза, губканын кооздугуна көңул бурушкан. Себеби чачбактын кооздугу найза, губканыны көптүгүнө байланыштуу болгон.

Сарыкол кыргыздарынын айымдары колуктуну көчүргөндө башына кийген өзгөчөлөнгөн «каляк» даярдашкан.

XIX кылымдын экинчи жарымынан тартып бул баш кийим аялзаттын, турмушка чыккан кыздардын салттуу кийимине айланган. Жаңы келин күйөөсүнүн айылына келгенде «каляк» оронуп жүргөн, кийинчерээк бул кийимди которуу ырымы аткарылган. Бул баш кийимдин татаал түрү болуп саналат. Памир аймагында жашаган ар бир урууда да «каляк»тын түрлөрү бар. Мисалы, ээк алгычы болбогон каляк найман уруусуна мүнөздүү деп эсептелген. Орус саякатчысы Б. Громбчевский: бардык ушул өзгөчөлүктөрдү билип алсаң, кыргыз аялын жолуктурганда, анын элечегинин («калягынын») оролушу, анын бийиктиги, артындагы куйругунун саймасы кайсы уруудан экенин жазбай билүүгө болот. Эгер аялдар бир уруудан болсо кийимдери

окшош болот – деп жазган. Бай оокаттуу айымдар элечекке 30-50 метрдей өтө жука ак кездемени же тайпа орогон, натыйжада ал көлөмдүү чыккан.

Каляк аялдар башына жети жолу ороп жүрүүчү этно баш кийими. Каляктын 12 андан көп түрлөрү бар. Аларга «өрдөк тумшук», «казы элечек», «бош сала коймо» жана башка түрлөрү болгон. Андан сырткары каляктын түсүнө карап бөлүшкөн Мисалы Курманжан датка күйөөсү өлгөндө көк түстүү каляк элечек кийген. Кештеленип, кооздугуна карата баш кийим аркылуу жакыр жана байгерчиликте жашагандыгына маани беришкен. «Казы элечек» 40 метрден ашуун каса материалы кеткен. Каса материалы сурптан жука марлиден калың болгон. Бул элечектин түрү оор болгондуктан той маарекелерде,сыйлуу конокторго барганда кийишкен. «Бош сала коймо» күнүмдүк жашоодо уй сааганда ээктен алып оң кулактын артына сол кулактын артына кыстарып коюшкан. Каляктын түрүн көчкөндө, кызды узатууда, жашоо шартка ылайыкташтырып ээктен алып, албай да кийишкен .Мисалы:«Өрдөк тумшук» деп койгон, сурпту орогондо тумшук чыгарып ороп, дүрия жоолук менен үстүн жапканда кол чатыр сыяктуу салкын болгон. Сарыколдуктар каяктын көбүнчө ушул түрүн колдонушкан. Этнографиялык изилдөөдө талаа материалдарымда жазылгандай, ар жамааттын баш кийими ар кандай формада байланган, ар кандай форма чыгарышкан. Мургаб жамаатындагы аялдар кыздарды турмушка узатканда көбүнчө каляктын «өрдөк тумшук» түрүн колдонуп келишкен. Каляктын маңдайдагы оролгон кабаты 7, 9, 11, 21 кабатка чейин оролгон. Жуп кабат болуп оролгон эмес. Себеби жергиликтүү калктын айтуусунда, диний ишенимдери боюнча жоорушкан. «АЛЛА» жалгыз анын жубу жок. Ошондуктан дайыма турмуштун, жашоонун жакшылык, жамандыктарында так сандарды көбүрөөк колдонушкан. Кызга элечек (каляк) орпо. Ак жоолук салганда айтылуучу каалоолор:

Ак жоолук бетиңе жарашсын,
Алганың койнуңа жарашсын,
Барган жериңдең бак айтсын,
Бакыраган балдар берсин кудайым.
Ак чыны болсун жууганың,
Апаңдын айткан акылын,
Акылга бекем кармагын,
Акылдуу келин экен деп,
Айылын бүтүн мактасын.
Көк чыныболсун жууганың,
Кайненең айткан акылын,
Көңүлдө бекем кармагын,
Күйүмөкү келин экен деп,
Кайын журтуң мактасын.

Кызды көчүрөөрдө, өрүлгөн майда чачын жазып, экиге бөлүп өрүп, чач бак тагат. Кыздын чачын өргөндө күмүш шакектер менен кошо өрөт. Кийинчерээк башын жууганда күмүш шакектерди барган жериндеги кайын сиңдисине берет. Жоолук салып, үстүнө чач кепти кийгизип андан кийин 20-30 метр ак сурп оролот. Сурптун үстүнөн колдо кооздолуп тигилген кыргак коюлат, тигилген төрт бурчтуу дүрия жоолук уч бурчтуу болуп салынат. Чүмбөт менен кыздын бети жабылат.Күйөө баланы үйүнө барганда чүмбөттү ачып салам берип белек бечкетерди алат.

Дүрия жоолукту кыздын энеси, колуктунун туугандары тарабынан тигилген жоолук «дүрия»(«жоолук», «оромол», «даки оромол», «паран оромол») болуп эсептелинет, дүриянын өлчөмү 1–1,5 метрден туруп, бир бурчу аялдын башынын арт жагын, ал эми экинчи аялдын далысынын бир бөлүгүн жаап тургандай болуусу шарт. Иликтенген аймакта мындай жоолуктар сурптан, таза касадан, пахтадан токулган кездемеден, сатинден жасашкан. Дүрия жоолукка ар кандай саймаларды түшүргөн, «көптүрмө», «толтурма», «терс кайык» жана башка. Кыргыздар көбүнчө кызыл, көк түстүү жиптерди колдонгон. Жаратылышка жакын болгондуктан ачык түстөгү боекторду көбүрөөк колдонушкан. Дүрия жоолуктун учтарына папик улашкан. Папиктер жибек жиптен болгон, алтын жиптен тоголок болуп оролгон. Алтын жипти («каляк-оту») деп колунда бар байлар өз мезгилинде Индия, Пакистандан алып келишкен. Күйөөгө кетип жаткан кызына кийгизишкен.

Бул жоолуктар аталган аймактарда эле эмес, Кыргызстандын түштүк батышында жашаган кыргыздарда да кеңири тараган.

Үйлөнүү тоюна чейин колуктуга кустардык кездемден, атлас, иляс, чыт, шакар септи, сылан сыяктуу кездемеден көйнөктөрдү тигип кийгизишкен. Тогуз көйнөк тигишкен. Каралып жаткан мезгилде бардык көйнөктөрдүн түрү бирдей болгон: бастырыктары, бүйүрмөлөрү бар кайырма көбүнчө тика жака жана саймаланма жеңдүү көйнөк. Колуктунун кийимдерине үч же төрт жибек көйнөк, эки жибек жоолук, эки чоң жоолук, сурптан же чыттан салышкан. Бутуна маасы, көлөч же Кашкардан келген көк сору деген өтүктөн кийгизишкен. Байгерликте жашаган сарыколдуктар кыздарын турмушка узатып жатып кайыштан жасалган кызыл өтүк кийгизишкен. Ар бир кийимди кийгизип жатып акыл насааттарын айтышкан:

Коктуга коендун жүнү чачылсын,
Жан балам,
Козголбой бактың ачылсын,
Жылгага жыландын жүнү чачылсын,
Жан балам,
Жылбастан бактың ачылсын.
Америкен кийип бутуңа,

Оо балам,
Айныбай барчы журтуңа,
Кепич менен маасы бутуңа,
Кейибей барчы журтуңа
Булгаары өтүк бутуңда,
Муңайбай кетчи журтуңа,
Кепич, маасы бутуңда.
Кейибей кетчи журтуңа.

Ошондой эле, күйөөгө кетип бара жаткан колукту ар түрдүү төш жасалгаларын тагынып жүрүшкөн: бир канча жипке тизилген седеп-шурудан турган мончоктор жана сатып алынгандардан янтарь, күмүштүн куюлмаларынан даярдашкан. Колуктунун мойнуна ошондой эле эни 3 см келген, кызыл, ак кээде кара түстөгү өрүлгөн майда мончокторду тагышкан. Бул жасалга «ала тамак» деген аталышка ээ болгон. Колуктуга жергиликтүү усталар, зергерлер көбүнчө жамбыдан даярдалган ар түрдүү сөйкөлөр, кулак сыргалар, шакектер жана жуп билериктер да кеңири даярдашкан. Жамбы деп памирликтер күмүштүн тазасын айтышкан. Ар түрдүү оймо-чиймедеги ири күмүш төнөгүчтөрдү белек катары кийимдерине тагып беришкен. Калың учтары бар боочолор түрүндөгү «чачпактар» да кеңири белгилүү болуп, алар чачтагы түймөчөлөргө түймөлөнгөн. Күмүштөн жасалган шакектерди ушунчалык көп беришкен. Себеби кумүштүн ден соолукка тийгизген пайдасын билишкен. Турмуш кургандан кийин балалуу болуп, баланын кийимдерин күмүш тагынган колдору менен кир жууганда кийимдеги микроптор өлгөн. Азыркы медицинада дагы тастыкталган.

Ак куржун толгон ак мата,
Кызымдын ага -иниси бай бача,
Көк куржун толгон көп мата ,
Көп иниси байбачча.
Кудагый,
Алкымына шуру тагып ал,
Кызымдын,
Ак тийгизбей багып ал,
Кудагый,
Көкүлүнө шуру тагып ал,
Күн тийгизбей багып ал.
Алганың жакшы болсо да,
Алтындан чачбак сүйрөтөөр,
Айда эле акыл үйрөтөөр
Куйөөң жакшы болсо да,
Күмүштөн чач бак сүйрөтөөр,

Күнүгө акыл үйрөтөөр – деп кийим кийгизгенде акыл насаат ырларын айтып тургун.

Үйлөнүү тойдо күйөө колуктуга ата-энелер үчүн жылдын бардык маалдарында кийилүүчү кийим түрүндөгү белек- «баш аяк сарпай» даярдоо милдетүү шарт болуп эсептелип, анын курамына жогоруда белгилеп өткөндөй, баш кийимден тартып бут кийимге чейинки көптөгөн кийимдин түрлөрү кирген. Аялдардыкынан айырмаланып, эркектердин кийими үй-бүлөлүк абалды мүнөздөгөн эмес. Жасалгалуу кийинишкен кудалар жана туугандарынын арасынан күйөө бала дээрлик айырмаланбаган. Үйлөнүү той учурунда колукту жана анын той кийимине, бир эле мезгилде тумардын да ролун ойноочу анын кийиминдеги оймо- чийме жасалгаларга негизги көңүл бурулган.

Ошентип, материалдык маданияттын жана колдонмо искусствонун негизги элементтери үйлөнүү үрп-адаттарынын ажырагыс бир бөлүгү болуп эсептелген. Алар жышааналуу мааниге ээ болуу менен, адамдын жыныс курактык таандыктуулугун айырмалап турат.

Этностук кыргыздар болсо да өздөрүнүн материалдык маданиятын,каада салт, үрп адатын жоготпостон ушул күнгө чейин сактап келишкен жана келечек муундарга өткөрүп беришүүдө. Бул жөрөлгөлөрдүн сакталып калышынын себеби памирлик кыргыздар өзүнчө бийик тоолуу жерде жашагандыгы, ошондой эле географиялык абалы, курчап турган чөйрөсү катаал болуп мал чарбачылыктан башка чарбачылык жүргүзүүгө мүмкүндүк болбогондугу.

**Колдонулган адабияттар**

*Асанканов А.* Жунго Шинжаң кыргыздары / А. Асанканов. Бишкек, 2013.

Ата-бабалар табериги: Кыргыздардын адеп ахлак, салт-санаа, үрп-адат, ырым жырым жана жөрөлгөлөр жыйнагы. Бишкек, 2011.

*Акматалиев А.С. у.* Кыргыздардын көөнөрбөс дөөлөттөрү. Бишкек, 2000.

*Аттокуров С.* Кыргыз этнографиясы / С. Аттокуров. Бишкек, 1997.

Кыргыздардын үрп-адаттары жана каада салттары. Бишкек, 2009.

*Акматалиев А.* Балдарга арналган ырым-жырымдар үйлөнүү үлпөт салты жана ыры / А. Акматалиев. Бишкек, 2000.

Кыргыздардын улуттук маданияты. Бишкек, 2012.

Мургаб мурастары. Бишкек, 2009.

Үйлөнүү салт ырлары. Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки. Фрунзе, 1973.

*Осмонова С.К.* Договор о браке малолетных детей (бел куда, бешик куда) кыргызов юго-запада Ферганы (конец XIX – начало XX в.) // Актуальные проблемы истории Кыргызстана: материалы респ. науч. конф., посвящ. 80-летию профессора Аттокурова С.А. 12 апреля 2012 г. Бишкек, 2013.

Автордун өздүк талаа дептери (АДТ-1).

Автордун өздүк талаа дептери (АДТ-2).

*Фиельструп Ф.А.* Из обрядовой жизни киргизов начала XX века / Ф.А. Фиельструп. М.: Наука, 2002.